УДК 377.12

ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ БИЛИМ БАШАТЫ ЖАНА ЭВОЛЮЦИЯСЫ
ИСТОЧНИК И ЭВОЛЮЦИЯ ОБРАЗОВАНИЯ В ЖАЛАЛ-АБАДЕ
SOURCE AND EVOLUTION OF EDUCATION JALAL-ABAD

Токтогулова Г.Т. – профессор, Ш.М.Ниязалиев атындагы "Философия жана гуманитардык илимдер"кафедрасынын доценти, ЖАМУ
toktogulova.72@mail.ru

Аннотация: *Бул илимий макалада Жалал-Абаддагы билим берүүнүн башаттары анализденип, тарыхый баасы берилди. Кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курстарынын тарыхын изилдөөгө да басым жасалды. Жалал-Абад шаарындагы педтехникумдун генезиси болуп саналган Оштогу педагогикалык окуу жайдын тарыхы да изилдөөгө алынды. Жалал-Абаддагы билим берүүнүн башаттарынан ЖАМУга чейинки 95 жылдык өнүгүү эволюциясы изилдөөгө алынды. Илимий макала тарыхый-архивдик документтерге негизденип жазылды.*

Аннотация: *В этой научной статье были проанализированы источники образования в Джалал-Абаде и даны им исторические оценки. Был сделан акцент на исследование истории краткосрочных педагогических курсов. Была исследована история педагогического учебного заведения Г.Ош, который является генезисом педтехникума г.Джалал-Абад. Были начаты исследования эволюции развития образования г. Джалал-Абад до основания ЖАГУ. Научная статья основана на архивных документах.*

Annotation: *There is scientifical analysis and historical evalution of beqinninqs of education in Jalal-Abad city in this article. This scientific article based on archival documtyts. Emphasis was made on the study of the history of shart-term pedagogical educational institutions. The history of pedagogical institution in Osh which is a genesis of institution in Jalal-Abad was researched. This article is based on archivic documents.*

Ачкы сөздөр: *билим берүү, тарых, агартуу, мектеп, билим берүү мекемеси, архив, эволюция, педтехникум, мугалим, факт.*

Ключевые слова: *образования, история, просвещение, школа, образовательное учреждение, архив, эволюция, педтехникум, учитель, факт.*

Key words: *education, history, archive, education, institutions, evolution, pedagogical, institution, school, teacher, fact.*

Быйыл Жалал-Абад мамлекеттик университетинин түптөлгөндүгүнө 95 жыл түзүлгөндүгүнө 25 жыл толду деп юбилейлик дата катары белгилөөгө толук негиз бар экендиги шексиз. Анткени Жалал-Абад мамлекеттик университети жайгашкан аймак, илгертеден эле агартуунун башаты болуп келген болсо, бир мезгилде бир кантон кийин област болуп саналган Ош шаарында (кээ бир архивдик булактарда 1922-1923-жылдар) 1923-1924-окуу жылында ачылган алты айлык педагогикалык окуу курсунун, 1924-1925-окуу жылында бир жылдык, 1925-1926-окуу жылында үч жылдык педтехникумга айланып, бул педтехникум 1926-жылдан тарта Ош, Жалал-Абад педтехникуму деп аталып, биргеликте окутуучу персоналдар менен толукталып, студенттерди да бирге кабыл алышкандыгы, биргеликте жумуш алып барышкандыгы, кийинчерээк Жалал-Абадга көчүрүлүп келип, ошол бойдон ушул жерде кыргыз агартуусуна салым кошкон тарыхы терең окуу жайдын базасында Жалал-Абад мамлекеттик университети ачылып, мурастап калуусун айтууга болот.

Жалал-Абаддагы билим берүүнүн, агартуучулукту жайылтуунун башаттарына кайрылсак, 1917-жылы декабрда Жалал-Абадда совет бийлиги орноп, ошол күндөн тарта агартуучулук, сабатсыздыкты жоюу аракеттери көрүлө баштаган.

1918-жылдагы архивдик маалыматка ылайык[1], ошол мезгилдеги Аткаруу Комитетинин жооптуу кызматкери Д.Алексеев бул аймакта жети жылдык мектептер болуп, ушул жылга чейин материалдык көйгөй жаралган шартта Андижандын азык-түлүк бөлүмүнөн мектепке зарыл болгон китеп дептерлер, парта доскалар жөнөтүлүп тургандыгын аскердик революциялык комитетинде жасаган докладында билдирген.

Ушул эле архивдик маалыматта 1918-жылы 16-сентябрда Жалал-Абадда мугалимдер съезди болуп, съезге мектепке кам көрүүчү чарбадан өкүлдөр, Жалал-Абад калкынан 5 мусулман, Благовещенка, Михайловка, Ивановкадан 3 христиандык дин кызматкерлери катышып, президиумда кырдаалды талкуулоо менен 3 адамдан турган убактылуу комиссия түзүшүп, О.Н. Гаряев, мугалим А.А. Липинь жана П.Т.Качаньдар көрсөтүлгөн. Комиссияга негизги милдет катары, бөлүнгөн 30миң рублди мүмкүнчүлүккө жараша тездетип окууларды ачууга, окутууга жумшоо тапшырмасы жүктөлгөн. Мындан сырткары Жалал-Абад элинин талабын канааттандыруу максатында мурдатан пландаштырылгандай аз масштабда болсо да орус-тузем училищесин ачуу маселеси көтөрүлүп, имараты, мектеп буюмдары үчүн 7000 рубль өлчөмүндө акча сарпталгандыгы жөнүндө маалымат берген.

Жалал-Абад шаарынын тургуну В.Ф.Труновдун китебинде[2] 1918-1919-жылдары 28-декабрда Жалал-Абад райондук элге билим берүү бөлүмчөсү түзүлүп, анын комиссары болуп, Бондарчук дайындалгандыгы жазылгын. Ал эми 1919-жылдын аягында 1920-жылдын башында Жалал-Абадда жергиликтүү калк үчүн 2 жаңы усулдагы мектеп ачылгандыгын Жалал-Абаддагы областык архивден табууга болот. Ушундай эле маалыматтарга ылайык 1922-жылы саны 5820ны түзгөн шаар жашоочуларынын ичинен 831и же 14% сабаттуу болгондугу белгилүү.

1919-жылы 28-декабрда Андижан шаардык-уездик ревкомдук комиссиясынын жыйынында Жалал-Абадда мектептерди ачуу боюнча маселелер каралган токтомдор Жалал-Абад шаарынын мамлекеттик архивинде сакталып калган[3].

Жалал-Абадда билим берүү жаатынан сырткары деле бир катар окуу курстары болгондугун айгинелеген архивдик факт[4] №В2/9 буйрукка ылайык, 1920-жылы 9-июнда Жалал-Абаддагы аскер комиссариаты аскердик окутууга 18 жаштан 40 жашка чейинки эркектерди Жалал-Абаддагы аскер курсунан өтүүгө чакырган.

Кийинки архивдик маалыматта[5] эл агартуу боюнча иш алып баруу, мектептерди ачуу менен гана чектелбестен, 1920-1923-жылдары сабатсыздыкты жоюуну ишке ашыруу максатында мугалимдер үчүн кыска мөөнөттүү окуу курстарын ачуу жана жөнөтүү багытындагы иш-чараларды да аткарышкандыгы жазылган.

Тактап айтсак, Андижан уезди Жалал-Абад райревкомуна жолдогон буйругунда[6] (№28 Наркомпрос жана Главсоцвосктун жобосу) мектепти жайкы каникулга таркатуу сунушталат. Окутуучулар УИНОнун буйругуна ылайык, 3 айлык педагогикалык курстан өтүүсү көрсөтүлүп, 2-жобого ылайык жергиликтүү калктын мугалимдери үчүн кыска мөөнөттүү педагогикалык курстан өтүүдө даттануулары үчүн иштеген жеринде гана мүмкүндүк берилүүсү жазылган. Айылдык ревкомго болсо мугалимдер курстан өтүп

[1]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.1, 3-б.
[2]В.Ф.Трунов “Жалал-Абад 1887-1997гг” Хроника событий даты, цифры, факты Жалал-Абад 1997-жыл.
[3]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.1, 3-б.
[4]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.12.
[5]ЖАОМА ф.792, оп,1, д.4, 3-б.
[6]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.67, 8-б.

жаткан мезгилдеги эсеп-кысап жүргүзүүнүн формаларын жана шарттарын аныктоо сунушталган. Курсанттар педагогикалык курстун жатаканасына өздөрүнүн жеке буюмдары менен келүүсү милдеттендирилген (1923-жылдын 31-майы).

Ушуга улай 1923-жылы 22-июнда өткөрүлгөн Кугарт аскердик ревкомунун кошмо жыйынынын 15-токтомунда Кошчу союзунан Ходайбергенов төрагалык кылып, киринтернаттан, Т.Бейшенов, жылкычылардан Сариков, зам полком Т. Вазарбаев, КСМТ Кугарт комитетинен Т.Джабаркулов, Кугарт милициясынан Калпаковдор катышкан. Күн тартибинин 3-маселеси катары курстар жөнүндөгү маселе каралып, төмөндөгүдөй токтом кабыл алышкан: жогоруда сөз болгон курстар жөнүндөгү маселе боюнча акча же финансылык каржылоо булактарын табуу, ошондой эле курс үчүн бардык зарылдыктарды чечүү жолдош Бапанов жана Ходайбергеновго милдеттендирилсин. Ал эми волостук ревкомго 3 айлык курска окууну каалоочуларга маалымат жеткирүү, кабарлоо сунушталсын деген архивдик маалымат бар[7].

Ушул эле жылы Жалал-Абад районундагы партияда эместердин конференциясынын 3-бөлүгүндө эл агартуу маселеси талкууланып, окутуучу персоналдардын саны канааттандыраарлык экендиги, туташ сабатсыздыкты жоюу колго алынгандыгы, бул багытты андан ары өнүктүрүү үчүн мамлекеттик жардамга муктаж экендиги айтылат[8].

Эми Бишкек шаарындагы республикалык мамлекеттик архивдик маалыматтарга таянсак: анда совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Жалал-Абад районунун мектептерин жергиликтүү бюджет каржылагандыгы жазылган жана анын болжолдуу диаграммасы берилген ошондой эле эл агартуу иши оор абалда болгондугу маалымдалган. Мектепте билим алуу жагы алсыз болуп, кээ бирлери «мактеб», «медреселерде» билим алууга аракеттенишкен. Жалал-Абад аймагындагы мектептердин саны 1911-1915-жылга карата 1-баскычтагы мектеп катталган эмес, 1924-1925-жылдагы маалыматта 1-баскычтагы мектептердин саны 36 мында 1794 окуучу окуган. Ал эми Жалал-Абад шаарында 1911-1915-жылдагы маалыматка ылайык 1-баскычтагы мектептин саны 2 анда 80 окуучу болсо, 1924-1925-жылдардагы маалымат боюнча 1-баскычта 3 мектеп болуп, 250 окуучу окуган[9].

Ошондой эле 1923-1924-окуу жылдарында Жалал-Абад аймагында билим берүү боюнча кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курстары иштей баштагандыгын кээ бир эскерүүлөрдөн, эл агартуу жыйындарынын докладдарынан кездештирүүгө болот. Мындай тарыхый фактылардын бири катары Кара-Кыргыз Автономиялуу Областынын ревкомунун областык билим берүү академиялык борборунун төрагасы Ишеналы Арабаевдин 1925-жылдын 5-февралында жасаган докладын толук мисал келтирсек: “өткөн жылы 1-майда Жалал-Абадда кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курс ачып бердик эле, 40 мугалим даярдап берди жана эки жолу бүтүрүүчү чыгарды, ошондой эле бүгүнкү күндө да өз ишин улантууда[10] деп жазылган. Тарыхый фактыларга таянсак, революциядан кийинки мезгилдердеги кыска мөөнөттүү педагогикалык курстар көбүнчө 6 айлык мөөнөттөн тургандыктан, И.Арабаев айткан Жалал-Абаддагы кыска мөөнөттүү педагогикалык курс эки жолу бүтүрүүчү чыгарса, демек 1923-1924-окуу жылында ачылгандыгы логикалык жактан туура болот деген ойдобуз.

Анткени, 1924-жылы 10-декабрда Кара-кыргыз автономиялуу областынын элге билим берүү бөлүмүнүн коллегиялык жыйынында Токбаев, Бруй, Юдахин, Янгулатов, Алиев жана башкалар катышып, күн тартибинин 3-маселесинде И.Арабаев Ош, Жалал-Абад аймактарында эл агартуунун абалы жөнүндө доклад жасап, бул аймактардагы

[7]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.24, 273-б.
[8]ЖАОМА ф.199, оп,1, д.22, 189-б.
[9]БМА ф.647, оп,1, д.40,4-б.
[10]БМА ф.647, оп,1, д.34,1-б.

педагогикалык курстардагы жумуштарда үзгүлтүккө учураган учурлар болгон жок[11] деген бүтүмү бул аймакта 1923-жылдары кыска мөөнөттүү педагогикалык курстун болгондугунун дагы бир фактысы десек болот.

Ошондой эле 1925-жылы областык саясий агартуу бөлүмүнүн башчысы Уркунчиев жана Кыргыз автономиялуу областынын сабатсыздыкты жоюу бөлүмүнүн башчысы катышкан Орто Азия агитация жана пропоганда бюросунун 1924-1925-окуу жылы үчүн жасаган отчеттук докладында, Жалал-Абад аймагындагы сабатсыздыкты жоюу иштерине токтолуп, сабатсыздарды тактоо максатында айыл- кыштактардагы 16жаштан 36 жашка чейинки курактагыларды каттоого алышып, андан соң 15-майда жазгы талаа иштери башталгандыгына байланыштуу Жалал-Абад округунан бүтүргөн курсаттарды толук каттоого мүмкүнчүлүк болгон жок деп биздин аймактын даректерин так көрсөтүп жазган жана жакынкы убакытта такталаарын кошумчалаган. Кошумча айта кетүүчү нерсе Жалал-Абаддагы мугалимдердин педагогикалык базасы аз санда болгондуктан, курсаттарга сабак берүүдө алсыздыгы байкалууда. Анткени алардын көпчүлүгү үч айлык мугалимдер курсун бүтүрүшкөн. Ошого карабастан иш канааттандырарлык деңгээлде жүрүүдө деп жазылган отчетто[12]

Демек, жогоруда И.Арабаевдин докладдык маалыматын толук берүү менен жана ага таянуу менен Жалал-Абадда 1923-1924-окуу жылдарында кыска мөөнөттүү педагогикалык окуу курстары болгондугунун архивдик фактысы десек жаңылышпайбыз.

Экинчиден, ЖАМУнун түзүлүшүнө түздөн-түз жана эң негизги база болуп саналган Жалал-Абад педагогикалык техникумунун тарыхы Ош педагогикалык техникумунун тарыхы менен тамырлаш экендигине жогоруда токтоло кеттик. Бул пикирди кийинки архивдик маалымат менен бекемдесек, жергиликтүү калктын сабатсыздыгын тездетип жоюу муктаждыгынан улам, кыска мөөнөттүү окуу курстарынын базасында бир жана үч жылдык педагогикалык техникумдар түзүлгөндүгү жөнүндөгү маалыматты камтыган РСФСРдын Бүткүл Союздук Аткаруу Комитетинин Кыргыз автономиялуу Областынын төрагасына жолдогон жолдомосунда: (23/02/1926-жыл №988) Оштогу педагогикалык техникум 1922-1923-жылдары Туркнаркомпрос тарабынан алты айлык педагогикалык курс болуп түзүлөт, 1924-1925-окуу жылында бир жылдык педтехникумга айланат. 1925-1926-жылдары бул курстун базасында үч жылдык педтехникум болуп өзгөртүлөт. Бул техникум Ош жана Жалал-Абад округу үчүн бирден бир маданий борбор болуп саналат деп баса белгиленет[13].

Демек, жогорудагы архивдик маалыматка таянуу менен, Ош педтехникуму 1926-окуу жылында Ош-Жалал-Абад техникуму болуп аталып калган жана 1929-жылдан тарта бүтүрүүчүлөрүн Жалал-Абаддан чыгара баштагандыгы белгилүү болгон. Мунун архивдик фактысы катары Бишкектин архивдик фондунан табылган Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайдын диаграммалык сүрөтүн сунуштоого болот(караңыз 3-тиркеме).

1926-жылы Кыргыз Автономиялуу Областынын Оштогу эл агартуу боюнча коллегиясында 2-маселе катары №50 протокол менен Жалал-Абаддагы курсанттарды бүтүрүү каралып, 19 жаштан жогоркулар өзүнчө тайпа катары бөлүнүп, педагогикалык уклондо сабак өтүү сунушталган[14].

Ал эми Кыргыз ССРиндеги маданий курулуштар деген жыйнакта, Жалал-Абаддагы педагогикалык техникуму 1926-жылы 1-сентябрда түзүлүп, 50 окуучу, 7 педагог, окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөндүгү жазылган. 1929-жылы 11 адам адис-педагог болуп

[11]БМА ф.647, оп,1, д.14,1-2-беттер.
[12]БМА ф.647, оп,1, д.178,18-б
[13]БМА ф.647, оп,1, д.104,35-б.
[14]БМА ф.647, оп,1, д.14,105-б.

бүтүрүп чыккандыгы, 1930-1940-жылдары жүздөгөн баштапкы класс мугалимдери бүтүргөндүгү көрсөтүлгөн. Ата-Мекендик согуш жылдарында да окуу жайдын мугалимдери жана студенттери активдүү катышып, педагогикалык окуу жайдын бүтүрүүчүсү Джуматаев Кубат согуштагы эрдиги үчүн Кызыл Жылдыз ордени менен сыйланган. 1948-49-окуу жылында училищанын окуу мөөнөтү 4 жылдык болуп узартылган. 1954-55-окуу жылында адистерди тездетип даярдоо үчүн 2 жылдык педагогикалык билим берүү багыты ачылган. 1955-жылы 9-майда Кыргызстан БК КПнын Бюросунун чечими менен Оштогу кыздар педагогикалык училищасы Жалал-Абаддагы окуу жайга бириктирилген. 1955-56-окуу жылында окуучулардын контингенти 776 адамга жеткен. Ошентип ачылган күндөн 1965-жылдарга чейин 6180 мугалим даярдагандыгы белгилүү. Алардын ичинен партиялык кызматкерлер Анарбай Жолонов - Кыргыз ССРинин маданият министринин орун басары, Моминов Токтосун - Жалал-Абад обком комсомолунун секретары, Розу Азимов – Советтер Союзунун Баатыры, жазуучу Муктар Борбугулов, белгилүү кыргыз сүрөтчүсү – Акылбеков, ал эми Кадыров Шакир, Малабаев Мурзабек, Кожомбердиев Исман ж.б. илимдин кандидаттары болушкан. Ошондой эле Сапачаев Жалал-Абаддагы горком партиянын агитация жана пропагандалоо иштери боюнча башчы, Никулин – Жалал-Абаддагы билим берүү башкармасынын орун басары болуп иштеген. Темиркул Үмөталиев, Исабек Бөрүбаев, Кадыркул Шеркулов, Миңбай Арзыбаев, Бөрүбай Бадалбаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Рахат Ачылова, Муса Адышев сыяктуу студенттер Жалал-Абаддан окуусун ийгиликтүү аякташса. Ал эми Кыргызстанга белгилүү инсандар Төрөкул Айтматов, Нургазы Биримкулов, Гапар Айтиев, Кусеин Карасаев, Азиз Измаилов, Омор Сооронов, сүрөтчү Акылбеков сяктуу алгачкы интеллигенция өкүлдөрү билим беришкендиги кеңири баяндалган[15].

Мына ошентип, терең тарыхы бар педагогикалык окуу жайдын улуу жолу уланып олтуруп, азыркы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин генезисинин башатын түзгөндүгүн тарыхый фактылар ырастайт. Ал эми Жалал-Абад мамлекеттик университети өзүнүн өнүгүү эволюциясында бир эле билим жана илим борбору болуу менен эле чектелбестен, агартуу, маданият, илимий ачылыштардын, жаратмандыктын ордосуна айланып, коомдун жашоосуна активдүү катышып келе жаткан Кыргызстандагы классикалык университеттердин бири.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. В.Ф.Трунов “Жалал-Абад 1887-1997гг” Хроника событий даты, цифры, факты Жалал-Абад 1997-жыл.
2. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.1, 3-б.
3. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.12.
4. ЖАОМА ф.792, оп,1, д.4, 3-б.
5. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.67, 8-б.
6. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.24, 273-б.
7. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.22, 189-б.
8. БМА ф.647, оп,1, д.40,4-б.
9. БМА ф.647, оп,1, д.34,1-б.
10. БМА ф.647, оп,1, д.14,1-2-беттер.
11. БМА ф.647, оп,1, д.178,18-б
12. БМА ф.647, оп,1, д.104,35-б.

[15]Культурное строительство в Кирг. ССР документы и материалы. Фрунзе “Кыргызстан” 1988-г, 173-б.

13. БМА ф.647, оп,1, д.14,105-б.
14. ЖАОМА ф.199, оп,1, д.1, 3-б.